УДК 37

Калдыбаева А.Т., Бектуров Т. М.

*КМУ*

# КЫРГЫЗ ЭЛ ПЕДАГОГИКАСЫНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

*Кыргыз эли байыртадан бери балдарын табиятка жакын болуусуна, аны менен дайыма эриш-аркак жашап, аны көздүн карегиндей сактоого, табияттын сырларын терең кабылдоого кичине кезинен үйрөтүшкөн. Кыргыз эл педагогикасы экологиялык тарбияда тийиштүү дүйнө таанымдык, этикалык жана эстетикалык идеяларды, жашоо тиричиликте тутунган принциптерди даана бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Алар: туулган жерге кызмат кылуу, жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө боорукер болуу, анын байлыктарын сактоо жана көбөйтүү жана башка ушул сыяктуу идеялар.*

Элдин сан кылымдардан бери сактап, өнүктүрүп келген баа жеткис тажрыйбасы, акылман бабалардын урпактарга калтырган табериги сыйдырылган улуу «Манас» эпосунун осуяттарынын бири: - «Табият менен таттуу мамиледе болуу».

Элдин курчап турган табигый чөйрө менен тыгыз байланышта болуу тажрыйбасы улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ф.Фребель ата-энелерге баланын жандуу жаратылыш менен мамиле түзүүдө ага зыян келтирбөөсүн тарбиялоону сунуш кылган. Алардын жаныбарлар дүйнөсүнө кызыгууларын күчөтүп, мээримдүү сезимдерин ойготууга жардамдашуу керек. Кээде алар ойлонбой эле аябаган кылык кылаарын алдын алуу үчүн табиятка деген сезимин ойготууга жардам берет. Мунун өзү экологиялык маданияттуулукка тарбиялоо керектигин аныктайт.

Андыктан аны илимий негизде аңдап өздөштүрүү, сактоо, жаңы шарттарга ылайык чыгармачылык менен колдонуу улуттук билим берүү системасынын маанилүү милдеттерине айлануусу зарыл. Элдин рухий-ыймандык маданиятын кайра жаратуу жана өнүктүрүү, алардын мурдагы доорлордо түптөлүп калыптанган жаратылыш менен болгон табигый карым-катыш тажрыйбасын калыбына келтирүү менен тикеден тике байланыштуу.

Орустун улуу окумуштуусу, педагог К.Д. Ушинский табият жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүүнү адамдын ыймандык сапаттарын өнүктүрүүчү эң маанилүү фактор катары караган. «Жаратылышты окуп - үйрөнүү аркылуу адамды гумандуу кылып өстүрсө болот» - деп, «Табияттын тарбиялык таасирин ар бир адам аздыр-көптүр сезген болсо да, муну педагогикалык жетишерлик даражада баалабай келет», - деп кейиген. [1,102]

Экологиялык билим берүү Кыргызстандын туруктуу өнүгүү мамлекеттик стратегиясында негизги багыты болуп саналат. Мектепте окуучуларга экологиялык билим берүүнүн мазмуну балдардын курагын, иш-аракеттин түрүн эсепке алуу менен аныкталып, эң жакшы улуттук традицияларда жана региондун өзгөчөлүгүнө жараша бардык жагынан тарбияланыш керек. Окуучуларга экологиялык тарбия берүүдө экологиялык проблемалардын актуалдуулугу, аларды чечүүнүн жолдору, экологиялык билимдин тереңдиги жана кеңдиги эске алынышы керек. Ошондуктан окуучуларда курчап турган дүйнөгө жаңы мамилени калыптандырып, жаратылыш байлыктарын сактоо жана көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл.

Бүгүнкү күнү экологиялык проблемаларды кароону бардык окуу жайлардын программаларына киргизүү менен, бул проблемалар ушунчалык олуттуу жана конкреттүү болгондуктан, инсанга таасир берүүнүн бардык жолдорун аракетке келтириши негиз:

- айланадагы жаратылышка байкоо жүргүзүү, экологиялык темада адабияттарды окуу, элдик оозеки чыгармалар менен таанышуу;
- ачык аянттарды жашылдандыруу;
- өсүмдүктөргө фенологиялык байкоо жүргүзүү;
- жаратылыштагы тирүү жандыктардын экологиялык бурчун уюштурууга катышуу;
- жаратылыштагы материалдардан бир нерсе жасоо;
- экологиялык темадагы дидактикалык, сюжеттик-ролдогу жана чыгармачылык сюжеттеги оюндар, сабактар, майрамдарды өткөрүү.

Мектептеги экологиялык билим берүү - Кыргызстандын окуучуларынын айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамилесинин жаңы этабынын негизи. Мектептеги экологиялык билим берүүнүн максаты – экологиялык көз караштуу жарандарды тарбиялоо, анын

негизинде турмуштун сапатын жогорулатууга багытталган экологиялык максаттуу жүрүм-турумду жана иш-аракетти калыптандыруу.

Экологиялык жактан тарбиялоону активдештирүүнүн негизи жолдору булар:

- жаш муунга экологиялык тарбия берүү максатында элдик педагогиканын мурастарынын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан ачып берүү;
- элдик педагогиканын элементтерин окуу программаларына, окуу адабияттарына, усулдук колдонмолорго киргизүү;
- элдик педагогиканын прогрессивдүү идеяларын окуу-тарбия ишинде мугалимдер тарабынан системалуу түрдө чыгармачылык менен колдонуу;
- класстан жана мектептен тышкаркы иштердин ар түрдүү формалары аркылуу окуучуларды жаратылышты коргоо боюнча элдик салттарды аткарууга көнүктүрүү.

Элдик экологиялык тарбия маданиятын изилдөө үчүн маанилүү булактарынын бири – фольклор.

Фольклордук мурастардын ичинен табышмак, макал-лакаптардын орду өзгөчө чоң. Кыска сөзгө нуска ойду сыйдырган бул жанрлар өтө курч, таамай, таасын формасы менен айырмаланат. Г.Н. Волков – «Макалдардын эки аспектисин айырмалоо керек: бир жагынан алар таанымдык маалыматты камтыйт, экинчи жагынан адамга тарбиялык таасирин тийгизет» – деген [2,46.]. Элдин оозеки чыгармачылыгында акылмандыктын нукура берметтериндегидей таамай айтылган макалдар көп. Туулган жерге болгон элдин терең сүйүүсү, чексиз ызааты макалдарда сезилет: «Туулган жердин топурагы алтын», «Эл эмгегин жер жебейт», «Дыйкандын баркын жер билет», «Жер казына – суу алтын», «Агын сууда арам жок» ж.б. Ал эми «Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт», «Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт, аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт», «Жаш жигиттин уялганы - өлгөнү, жаш чыбыктын ийилгени сынганы», «Алма дарагынан алыс түшпөйт» жана башка ушул сыяктуу макалдарда адам жана жаратылыш биримдиги контраст формада берилген.

Кыргыздын элдик табышмактары да окуучуларга экологиялык тарбия берүүнүн каражаты болуп саналат. Экологиялык маданиятты калыптандырууда алардын ролу чоң. Анткени алардын көпчүлүгүнүн өзөгүн табият таануучулук мотивдер түзөт. Элдик табышмактарда окуучулар үчүн өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн түрдүү өкүлдөрү тууралуу баалуу таанымдык маалыматтар, алгачкы экологиялык билимдерди тереңдетүүчү, эсинде бекем сактап калууга өбөлгө болуучу таасын образдар аркылуу туюнтулат.

«Күн сайын эле көрүп жүргөн нерселерди табышмак күтүлбөгөндөй кызыктуу мүнөздөп өзүнө тартып турган сырдуу түргө келтирет да мунун шарапаты менен табият кереметы бизге жакын түшүнүктүү боло калат», - деп жазат М.А. Никитина [3, 89].

Табышмактар окуучулардын тапкычтыгын, ой-жүгүртүүсүн, элестетүүсүн, сөз байлыгын гана калыптандырбастан, аларды жаратылыштагы коозлукту, сулуулукту байкап, табияттагы кубулуштарды көркөм образдуу кабылдоого үйрөтөт.

Кыргыздын элдик эпикалык чыгармаларында да өсүмдүктөр, жаныбарлар адамдардын өтө жакын жолдошу болуп, алардын бүткүл жашоосунда, ой-кыялында, бардык иштеринде катышат. Мисалы, эң байыркы «Эр Төштүк» эпосунда айтылган ыр-саптарына көңүл бурсак: «Эр Төштүк» жер алдында айбанаттарга жардам бергенинен, адам менен жаныбарлардын достугу өтө терең экендигин, аларга жакшылык кылуу, гумандуулуктун бийик чокусу болорун көрсөк болот. Мисалы:

Барып Төштүк караса,  
Ал жолборстун бутуна  
Чөңөр кирип кетиптир.  
Чөңөрдү сууруп алды эми  
Ириң менен кан кетти,  
Ал жаралуу жолборстун  
Ооруган жери басылды.  
Умачтай көзү ачылды. [ 4, 64]

Мына ушундай эле мамилелерин аюуга, кумурскага жасайт.

Бул эпосто жаныбарларга жасаган жакшылык иштери үчүн алардын зор пайдасы болору да чагылдырылган. Мында жаратылышка аяр мамиле жасай билсең, ал

жакшылыгың өзүңө эле пайда деген идея жатат.

Ушундай эле идеяны «Манас», «Эр Табылды», «Кожожаш» эпосторунда жана башка элдик оозеки чыгармаларда, ошондой эле профессионал адабияттарында да байкасак болот.

Жаратылыш жана адам бири-бири менен ар тараптан бекем байланышкан бир бүтүн организм. Жаратылыштагы жандуу организмдердин ичинен жараткан адамга акыл-эсти берип, мындай деген экен: «Жер бетиндеги бүтүндөй тиричиликээсин колуңа беремин. Мына сага талаа, тоо таш, чалкыган деңиз, айдың көл, калың токой. Кыбыраган жаныбарларга да өзүң ээлик кыл. Менден кийинки ээси сенсиң. Жер бетиндеги өмүр өнүмдүү өрүш алабы, жокпу, же бир бүлүнүп ойрону чыгабы - сага тиешелүү. Акыры сенден сураймын» -деген экен [5, 141]. Мына, биздин алдыбызда жараткандын алдында жооп бере турган карызыбыз бар. Мына ушундан кийин, азыркы экологиялык абалды көрүп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот.

Элдин кылымдар бою өркүндөп, байып, тарыхый узак жолдо далай иргелип сыналган салттуу экологиялык маданияты бир жакта да, андан жетишээрлик колдоно албай жаткан бүгүнкү мектеп экинчи жакта. Ушул кейиштүү ажырым абалдан чыгуу үчүн, башкача айтканда, элдин эзелтен берки мурасталып келген педагогикалык билимин, табият менен жандуу карым-катнашта жашап топтогон бай тажрыйбасын мектеп окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо ишин сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүү үчүн атайын иликтөөлөрдү жүргүзүү зарыл экендиги шексиз. Бул маселенин актуалдуулугу, айрыкча, бүгүнкү глобалдуу экологиялык кризис курчуп турган убакта ого бетер арта берет. Элдин педагогикалык салтындагы жетишкендиктерди жаш муундарды кичинекей жашынан баштап эле экологиялык маданиятка каныктыруу, билим берүү системасын жаңылоо, натыйжалуулугун жогорулатуу ишинде пайдалануу зарылдыгы улам күчөп барат.

Элдик педагогиканын идеяларын жана тажрыйбаларын чыгармачылык менен колдонуу жалпы адамзатка таандык дөөлөттөрдү терең өздөштүргөн, ошол эле учурда улуттук асыл нарктардын булагынан да азык алып жетилген инсанды тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү болгон экологиялык тарбиянын методикасын байытууга өбөлгө түзөт. Бул болсо окуучуларга экологиялык тарбияны ийгиликтүү жүзөгө ашырышы үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

**Адабияттар:**


1. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании. // Собр. соч. – М., -Л., 1948. Т. 3.-С. 69-166.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика -/Под. ред. И.Т.Огородникова. -Чебоксары, 1974. -374 с.
3. Никитина М.А. Фольклор в эстетическом и нравственном воспитании школьников. -Минск: Нар. света, 1968. – 101 с.
4. Саипбаев С.М. Идеи воспитания подрастающего поколения в киргизской народной педагогике на материалах малых эпических форм кирг. фольклора/: Автореф. дис. …канд. пед. наук. –Фрунзе, 1979. -19 с.
5. Б.Абдыманапова Экологиялык көйгөйлөр залкарлардын сырдашуусунда. // Адабият жана искусство маселелери, 2008, № 4-5.
6. Эгембердиев У. Использование прогрессивных идей и опыта кыргызской народной педагогики в воспитании подростков. Автореф. Дисс. …канд. пед. наук. – Казань, 1979.-16 с.
7. Эр-Төштүк. «Эл адабияты» сериясынын 2-тому. -Бишкек: Шам, 1996. -448 б.